333		Жылуулук энергиясын эсепке алуунун автоматташтырылган системасын киргизүү менен “Бишкек жылуулук тармагы” МИнин жана “Бишкек жылуулук энерго” МИнин жылуулук менен камсыздоо тармактарын реконструкциялоо боюнча	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Реконструкцияланган жылуулук тармактарындагы техникалык жоготуулар 20 %га азайды, Бишкек ш. борборлоштурулган жылуулук менен камсыздоо системасынын	Бишкек ш. мэриясы (макулдашуу боюнча)	Тартылган каражаттар

		долбоорду ишке киргизүүнү жана ишке ашырууну камсыз кылуу		ишенимдүүлүгү жогорулады		
334		Туруктуу энергияны каржылоо фонду (SEFF) программасынын алкагында Бишкек шаарындагы муниципалдык мектептерге, административдик жана турак жай имараттарына жылуулук насосторун киргизүү боюнча иштерди жүргүзүү	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Жылытууга кеткен чыгымдар 20 %га чейин азайды, муниципалдык сектордун энергетикалык натыйжалуулугу жогорулады	Бишкек ш. мэриясы (макулдашуу боюнча)	АӨБ каражаттарынын алкагында
335	Жоготууларды азайтуу, өндүрүштү болжолдоону жакшыртуу жана жүктөмдүн өзгөрүшүнө ыкчам жооп кайтаруу үчүн интеллектуалдык башкаруу системаларын колдонуу менен ГЭСтеги процесстерди автоматташтыруу жана санариптештирүү	Иштеп жаткан ГЭСтердин санариптик жетилгендигине аудит жүргүзүү, андан ары автоматташтыруу жана санариптик системага интеграциялоо пландарын иштеп чыгуу	2026-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Ар бир ГЭСтин санариптик жетилгендик деңгээли аныкталды, ГЭСтерди автоматташтыруу пландары иштелип чыкты, санариптик паспорттор жана санариптештирүү боюнча жол карталары даярдалды	ЭМ, макулдашуу боюнча: “ЭС” ААК, “Чакан ГЭС” ААК	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында
336		ГЭСтердин IT-инженердик персоналын практикалык жактан даярдоо үчүн энергетика системасынын санариптик түгөйүн колдонуу менен	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	300дөн ашык адис окутулду, санариптик түгөйдүн базасында адистерди даярдоонун натыйжалуулугу жогорулады,	ЭМ, СӨИТМ, макулдашуу боюнча: “ЭС” ААК, “Чакан ГЭС” ААК	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн, акционердик коомдордун

		ЖИ-аналитика жана санариптик системалар менен иштөөгө окутуу		энергетика секторунун кадрдык потенциалы күчөтүлдү		каражаттарынын алкагында
337		Энергетика системасынын санариптик түгөйүнө интеграцияланган, жасалма интеллекттин негизинде жүктөмдү болжолдоо алгоритмдерин иштеп чыгуу жана киргизүү	2027-ж. I кв. – 2028-ж. IV кв.	Болжолдоонун тактыгы жогорулады, системага ашыкча жүк келтирүү тобокелдиктери азайды, реалдуу убакытта энергетикалык ресурстарды ийкемдүү башкаруу үчүн негиз түзүлдү	ЭМ, СӨИТМ, макулдашуу боюнча: “ЭС” ААК, “Чакан ГЭС” ААК	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында
338	Электр менен камсыздоонун ишенимдүүлүгүн жогорулатуу үчүн автоматташтырылган мониторинг, жүктөмдү болжолдоо жана аралыктан башкаруу менен интеллектуалдык энергия тармактарын киргизүүнү тездетүү	КР энергетика системасына Smart Grid технологиясын киргизүү	2026-ж. IV кв.– 2030-ж. I кв.	Электр энергиясынын тармактык жоготуулары азайды, жүктөмдөрдү башкаруунун сапаты, жогорулады, ЭКБ интеграцияланды	ЭМ, СӨИТМ, “КУЭТ” ААК (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында
339		AMI (CAS) борборлоштурулган башкаруу системасын, анын ичинде мониторингдин операциялык борборун түзүү аркылуу электр энергиясын башкаруу системасын	2026-ж. I кв. – 2026-ж. II кв.	CAS операциялык борборунун базасында электр тармактарынын ишенимдүүлүгү, башкарылышы жана ачыктыгы жогорулады, эксплуатациялык потенциалы	ЭМ, СӨИТМ, “КУЭТ” ААК (макулдашуу боюнча)	KOICA каражаттарынын алкагында

		санариптештирүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруу		күчөтүлдү, системанын натыйжалуу иштешине талдоо жүргүзүлдү		
340	Трансформаторлорду модернизациялоонун, натыйжалуу бөлүштүрүү системаларын орнотуунун жана электр менен камсыздоо схемаларын оптималдаштыруунун эсебинен тармактардагы жоготууларды азайтуу	Электр тармагын өнүктүрүүнүн келечектүү планынын алкагында 110–220 кВ аба линияларынын зымдарын кесилиши чоңураак зымдарга алмаштырууну камсыз кылуу	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Электр берүү линиясынын өткөрүмдүүлүгү 25 %га жогорулады, ашыкча жүктөмгө туруктуулугу камсыз кылынды	ЭМ, “КУЭТ” ААК (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында
341		0,4–6/10 кВ аба линияларынын изоляцияланбаган зымдарын өзүн көтөрүүчү изоляцияланган зымга, ошондой эле ТМ 10/0,4 трансформаторлорун ТМГ-21ге этап-этабы менен алмаштырууну камсыз кылуу	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Жоготуулар 11,63 %дан 6%га чейин кыскарды (болжол менен), эксплуатациялык чыгымдар азайтды, ишенимдүүлүгү жогорулады	ЭМ, “КУЭТ” ААК (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында
342	Инновациялык технологияларды, анын ичинде инфраструктураны жаңылоодо климаттык шарттарды жана өзгөчөлүктөрдү эске алуу үчүн адаптациялык	Климаттын өзгөрүшүнүн шартында гидроэнергетиканы өнүктүрүүнү адаптациялык пландаштыруу үчүн заманбап технологияларды колдонуу менен дарыялардын жана суу бассейндеринин	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Негизги дарыялар боюнча актуалдуу гидрологиялык маалыматтардын санариптик базасы түзүлдү, жаңы жана модернизацияланган ГЭСтерди пландаштыруу	ЭМ, САЧКӨМ, ЖРЭТКМ, “Чакан ГЭС” ААК (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында

	технологияларды киргизүү	техникалык инвентаризациясын жүргүзүү		жакшырды, энергетика системасынын суу ресурстарынын жетишсиздиги же ашыкча болушу тобокелдиктерине ыңгайлашуусу жогорулады		
343		Эскирген жабдууларды алмаштыруу боюнча долбоорлорго, полихлорлонгон бифенилдерди жана дифенилдерди камтыган жабдууларды аныктоого экологиялык экспертиза жүргүзүү, алардын эксплуатациялоодон чыгарылышын контролдоону камсыз кылуу	2026-ж. I кв. – 2028-ж. IV кв.	Полихлорлонгон бифенилдерди жана дифенилдерди камтыган жабдууларды алып салуу менен инфраструктураны экологиялык жактан коопсуз жаңылоо механизми түзүлдү, жабдууларды демонтаждоо учурунда айлана-чөйрөнүн булгануу тобокелдиктери азайды	ЭМ, ЖРЭТКМ, макулдашуу боюнча: “КУЭТ” ААК, “ЭС” ААК, “Чакан ГЭС” ААК	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында
344		Ири шаарлардын подстанцияларын жабык жана жер астына жайгаштырууга, ошондой эле бөлүштүрүү системаларын кабелдик түрдө төшөөгө өтүүнү	2029-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Подстанцияларды жаңы жерге акырындык менен көчүрүү боюнча долбоордук чечимдер даярдалды, жер ресурстары	ЭМ, Курулуш министрлиги, “КУЭТ” ААК (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында

		электр тармагынын инфраструктурасын өнүктүрүүнүн келечектүү пландарына киргизүү		үнөмдөлдү, климаттык туруктуулук жогорулады		
345	Өлкөлөргө ашыкча электр энергиясын рыноктук баалар боюнча сатууга жана сооданын кыйла пайдалуу шарттарын алууга мүмкүндүк берүүчү региондук энергетикалык биржа рыногун түзүү	Рынок операторунун жана контракттарды каттоочунун иштөө механизмдерин белгилөөнү жана өнүктүрүүнү эске алуу менен дүң рыногунун системаларын түзүү жана бекемдөө боюнча “Электр энергетикасы жөнүндө” КР Мыйзамына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү	2026-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	КР электр энергиясынын ички дүң рыногунун иштеши үчүн мыйзамдык база түзүлдү	ЭМ, макулдашуу боюнча: “КУЭТ” ААК, “КЭЭБ” ААК	Республикалык бюджеттин, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында
346		“Кыргыз энергетикалык эсеп борбору” ААКка электр энергиясын бирдиктүү сатып алуучунун ыйгарым укуктарын этап-этабы менен ыйгаруу	2026-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Электр энергиясын сатып алуунун жана сатуунун борборлоштурулган механизми түзүлдү, кызыкчылыктардын кагылышуусу жоюлду, эсептешүүлөрдүн ачыктыгы жогорулады, туруктуу ички рынок түзүлдү	ЭМ, макулдашуу боюнча: “КУЭТ” ААК, “КЭЭБ” ААК	Республикалык бюджеттин, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында
347		Борбор Азиянын региондук электр энергия рыногун түзүү боюнча пилоттук демилгеге катышууга даярдыкты камсыз кылуу	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Техникалык база бекемделди жана электр энергиясын кеңейтилген	ЭМ, макулдашуу боюнча: “КУЭТ” ААК, “КЭЭБ” ААК	ДБ каражаттарынын алкагында

				региондук сатууга даярдык жогорулады		
348		Электр энергиясын сатууну автоматташтыруу, бүтүмдөрдүн ачыктыгын жогорулатуу жана мамлекеттер ортосундагы ишенимди бекемдөө үчүн санариптик платформаны киргизүү	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Келечекте электр энергиясынын региондук рыногуна потенциалдуу интеграциялоо мүмкүнчүлүгү менен, электр энергиясын сатуу процессин автоматташтыруу үчүн улуттук санариптик платформа түзүлдү	ЭМ, макулдашуу боюнча: “КУЭТ” ААК, “КЭЭБ” ААК	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында
349		Экспорттук берүүлөрдүн кубаттуулугун жогорулатуу жана электр энергиясын берүүдөгү жоготууларды азайтуу үчүн мамлекеттер аралык жаңы электр берүү линияларын куруу боюнча долбоорлорду ишке ашыруу	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	“Кемин – Алматы” 500 кВ линиясын куруу долбоорунун баштапкы этаптары ишке киргизилди, “Кемин – Торугарт” жана “Датка – Торугарт” 500 кВ линияларын куруу долбоорлорунун базасында Кытайда линия куруунун техникалык шарттары изилденди	ЭМ, “КУЭТ” ААК (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында
350	Электр энергетикасындагы эсепке алуу жана эсептешүү	Функционалды кеңейтүү, жаңы эсепке алуу түйүндөрүн туташтыруу үчүн кошумча	2026-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Эсепке алуу приборлорунун маалыматтарын башкарууну	ЭМ, ФМ, макулдашуу боюнча: “КЭЭБ” ААК, “Газпром	АӨБдин гранттык каражаттарынын алкагында

	системаларынын санариптик жетилгендигин жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу	лицензияларды алуу, ошондой эле системанын туруктуулугун жана киберкоопсуздугун камсыз кылуу үчүн резервдик маалымат борборун түзүү менен “Кыргыз энергетикалык эсеп борбору” ААКтын эсепке алуу приборлорунун маалыматтарын башкаруу системасын модернизациялоо боюнча долбоорду ишке ашыруу		модернизациялоо камсыздалды, интеграцияланган эсепке алуу түйүндөрүнүн саны көбөйтүлдү, эсепке алуу жана эсептешүү системасынын ишенимдүү жана коопсуз иштеши камсыздалды, резервдик маалыматтарды иштеп чыгуучу маалымат борбору түзүлдү	Кыргызстан” ЖЧК	
351	Көмүртектин изин азайтуу жана энергия системасына болгон жүктөмдү азайтуу үчүн экономиканын бардык секторлорунда энергиялык натыйжалуулукту жогорулатууга дем берүү	Региондордо калктуу конуштарды газдаштырууну кеңейтүүнү камсыз кылуу. Газдаштыруу программасына киргизүү үчүн калктуу конуштар жана тургундар жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана берүү	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	КР калктуу конуштарын газдаштыруу 42 %дан 60 %га чейин көбөйдү	КРП облустардагы ЫУӨ, шаарлардын мэриялары (макулдашуу боюнча)	Жеке инвестициялар
352		Бишкек шаарында калдыктарды утилдештирүүчү завод куруу боюнча долбоорду ишке ашыруу	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Кубаттуулугунун өсүшү 30 МВт, кайра иштетүүчү кубаттуулугу күнүнө 1 000 тонна болгон заводдун курулушу ишке ашырылды	Бишкек ш. мэриясы (макулдашуу боюнча)	Жеке инвестициялар

353		Газдаштыруу боюнча иш-чараларды каржылоого багытталган кредиттик линияларды киргизүү	2027-ж. I кв. – 2029-ж. IV кв.	Газдаштыруу боюнча кредиттик линиялар киргизилди	Макулдашуу боюнча: “Айыл Банк” ААК, “Элдик Банк” ААК, “МӨБ” ААК	Банктардын каражаттарынын алкагында
354	Энергетикада жана өнөр жайда андан ары колдонуу үчүн “жашыл” суутек өндүрүшүнүн потенциалын изилдөө	Келечектүү аянттардын атласын иштеп чыгуу, өндүрүштүн өздүк наркын моделдөө, экологиялык аспекттерди талдоо менен суутек энергетикасы боюнча комплекстүү илимий изилдөө жүргүзүү	2026-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Илимий негизделген атлас жана аналитикалык отчет даярдалды, өздүк нарктын болжолдуу сценарийлери аныкталды, пилоттук долбоорлор жана ченемдик базага өзгөртүүлөр боюнча сунуштар түзүлдү	ЭМ, ИЖБИМ, ЖРЭТКМ, УИА, ЖЭФ	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
355		2035-жылга чейин КРда суутек энергетикасын өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгуу	2027-ж. I кв. – 2028-ж. IV кв.	2035-жылга чейин суутек энергетикасын өнүктүрүү боюнча максаттарды жана иш-чараларды аныктоочу документ бекитилди	ЭМ, ЖЭФ, УИА	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
356		ЭКБнын базасында “жашыл” суутек өндүрүү боюнча пилоттук долбоордун ТЭН даярдоо	2028-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Өндүрүштүн көлөмүн, инфраструктуралык керектөөлөрүн жана инвесторлор үчүн алдын ала шарттарды баалоо менен пилоттук долбоордун негиздемеси даярдалды	ЭМ, ЖЭФ	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында, жеке инвестициялар (IFC жардамы)

357	Парник газдарынын чыгууларын азайтуу жана энергетика секторунун экологиялык туруктуулугун жогорулатуу үчүн көмүртекти кармоо жана сактоо технологияларын талдоо	Катуу бөлүкчөлөрдү азайтуу үчүн түтүн чыгаруучу түтүктөргө электр чыпкаларын орнотуу жолу менен Бишкек жана Ош шаарларынын жылуулук электр борборлорунун түтүн чыгаруу системаларын модернизациялоону ишке киргизүүнү камсыз кылуу	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Атмосферага катуу бөлүкчөлөрдүн чыгышын азайтуу менен тазалоо системаларын модернизациялоо процесси ишке киргизилди, Бишкек жана Ош шаарларында экологиялык кырдаал жана абанын сапаты жакшырды	Макулдашуу боюнча: Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары	Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
358		Бишкек жана Ош шаарларынын жылуулук электр борборлорунун иштөөсүнүн натыйжасында пайда болгон катуу калдык материалдарды кайра иштетүү боюнча пилоттук долбоорлорду уюштуруу	2026-ж. I кв. – 2028-ж. IV кв.	Калдыктардын көлөмү жана айлана-чөйрөнүн булганышы азайды, экологиялык коопсуздук жогорулады	Макулдашуу боюнча: Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары	Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында, жеке инвестициялар
359	Административдик жол-жоболорду жөнөкөйлөтүү жана энергетика секторуна инвестициялардын келишин көбөйтүү максатында жеке инвесторлор үчүн финансылык дем берүүлөр жолу менен жагымдуу	ЭКБ субъекттеринин арасында эки этаптуу конкурс өткөрүүнү киргизүү боюнча колдонуудагы ченемдик документтерге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү	2026-ж. I кв. – 2026-ж. II кв.	Инвесторлорду тандоонун ачыктыгы жана атаандаштыгы, мамлекеттик жер ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугу жогорулады, жаңы долбоорлорго өтүнмөлөрдүн саны өстү	ЭМ, ЖЭФ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында

360	инвестициялык климатты түзүү	Мамлекеттик органдардын системалары менен шайкеш келген өтүнмөлөрдү онлайн берүү үчүн “Электрондук лицензия” санариптик платформасын киргизүү жана интеграциялоо жолу менен лицензиялоо жол-жобосун жөнөкөйлөтүү	2026-ж. I кв.	Өтүнмөлөрдү берүү үчүн санариптик платформа ишке киргизилди, аларды кароо мөөнөттөрү кыскарды, жол-жоболордун кайталанышы азайды, процесстердин ачыктыгы жана көзөмөл кылуу камсыздалды	ЭМ	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
361		Сектордун рентабелдүүлүккө жана туруктуулукка өтүү зарылдыгын эске алуу менен 2030-жылдан кийинки мезгилге тарифтик саясатты жаңылоо үчүн методологиялык негизди иштеп чыгуу	2029-ж. I кв. – 2030-ж. II кв.	Энергетика секторунун инвестициялык жагымдуулугу жогорулады, финансы секторунун тең салмактуу моделине жетишилди	ЭМ	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
362		Гидро, күн жана шамал электр станцияларын куруу жана модернизациялоо боюнча МЖӨ долбоорлорун ишке ашыруу үчүн негиз түзүү	2026-ж. I кв. – 2026-ж. IV кв.	МЖӨ долбоорлорун ишке ашырууда бааларды чет өлкө валютасында белгилөө мүмкүнчүлүгү каралган “Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө” КР Мыйзамына	ЭМ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында

				өзгөртүүлөр киргизилди		
363	Декарбонизациялоо, энергиялык натыйжалуулук, энергияны үнөмдөө жана инфраструктураны модернизациялоо боюнча так максаттары бар энергетикалык өнүктүрүү программаларын киргизүү жана мониторинг жүргүзүү	Энергетикалык компаниялар менен кызматташтыкта техникалык жогорку окуу жайларына кайра жаралуучу энергетика, интеллектуалдык энерготармактар, энергияны сактоо системалары жана керектөөнү интеллектуалдык башкаруу боюнча билим берүү программаларын киргизүү	2026-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Энергетикалык өтүүгө колдоо көрсөтүү үчүн инженердик кадрлардын улуттук базасы түзүлдү, адистердин квалификациясы жогорулатылды, жаңы инженерлер жана санариптик технологияларды изилдөөчүлөр даярдалды	ИЖБИМ, ЭМ	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
364		“КУЭТ” ААКнын окуу борборун курууну ишке ашыруу	2026-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Заманбап окуу борбору түзүлдү, эл аралык стандарттар боюнча адистерди даярдоо программалары ишке киргизилди	ЭМ, “КУЭТ” ААК (макулдашуу боюнча)	JICA каражаттарынын алкагында
365	Кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн жана энергетика системасына жеке инвестицияларга дем берүүнүн так эрежелерин белгилөө	Энергетика секторунун жана энергокомпаниялардын бизнес-процесстерин жакшыртуу боюнча ERP (ишкана ресурстарын пландоо) системасын киргизүү	2026-ж. I кв. – 2026-ж.IV кв.	Энергокомпаниялар-дын бизнес-процесстери жакшыртылды, компаниялардын ишине болгон ишеним өстү	ЭМ, макулдашуу боюнча: “ЭС” ААК, “КУЭТ” ААК	АӨБ каражаттарынын алкагында

366		Отун-энергетикалык комплекс жаатындагы көз карандысыз жөнгө салуучуну түзүү зарылдыгы жөнүндө сунуштарды киргизүү	2026-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Негиздүү сунуштар даярдалды, мамлекеттин, өндүрүүчүлөрдүн жана керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарынын тең салмактуулугу камсыздалды	ЭМ, макулдашуу боюнча: “КУЭТ” ААК, “ЭС” ААК, “Чакан ГЭС” ААК	Республикалык бюджеттин, акционердик коомдордун каражаттарынын алкагында
Чакан жана орто бизнести колдоо: 1) чакан жана орто бизнестин субъекттери өндүргөн дүң кошумча нарктын көлөмүн 3 эсеге көбөйтүү (2024-жылдын көрсөткүчүнө карата); 2) ИДПнын түзүмүндө чакан жана орто бизнестин дүң кошумча наркынын үлүшүнө 50 %дан кем эмес деңгээлде жетишүү						
367	Каржылоо мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу	Финансы ресурстарынын жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга, жумуш орундарын түзүүгө жана региондук ишкердикти өнүктүрүүгө багытталган чакан жана орто ишкердиктин субъекттерине мамлекеттик колдоо көрсөтүү боюнча долбоорлорду кеңейтүү	2026-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Секторлор жана региондор бөлүгүндө чакан жана орто бизнести колдоо боюнча каржыланган долбоорлорго жүргүзүлгөн талдоонун негизинде чакан жана орто ишкердиктин артыкчылыктуу секторлору жана каржылоонун көлөмү аныкталды. Чакан жана орто бизнес субъекттерин колдоого багытталган долбоорлор үчүн финансы каражаттары берилди	ЭКМ, ФМ, макулдашуу боюнча: “Айыл Банк” ААК, “Элдик Банк” ААК, АКӨФ, ВКӨФ, РКӨФ, ӨКӨФ, “ИӨФ” МКК ААК	Республикалык бюджеттин каражаттарынын, банктардын, өнүктүрүү фонддорунун каражаттарынын алкагында

368		Артыкчылыктуу секторлорго (өнөр жай, экспорт, инновациялар, илим, “жашыл” экономика) багытталган 2027–2030-жылдарга чакан жана орто ишкердикти финансылык колдоо мамлекеттик программасын иштеп чыгуу	2026-ж. II кв. – 2026-ж. IV кв.	2027–2030-жылдарга чакан жана орто ишкердикти финансылык колдоо программасы бекитилди	ЭКМ, ФМ, макулдашуу боюнча: “Мамфин-холдинг” ААК, “ИӨФ” МКК ААК	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
369		Артыкчылыктуу тармактарда чакан ишканаларды ишке киргизүү үчүн кайтарымсыз гранттарды берүүгө басым жасоо менен “Социалдык контракт” долбоорун кеңейтүү	2026-ж. II кв. – 2027-ж. II кв.	Чакан бизнестин ишкерлери үчүн гранттарды берүү боюнча пилоттук долбоор ишке ашырылды	ЭСКММ, ФМ, ЭКМ	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
370		Бирдиктүү терезе, санариптик мониторинг, кепилдик программаларын консолидациялоо, субсидиялоо жана акселерациялоо функциялары менен мамлекеттик фонддордун жана өнүктүрүү банктарынын базасында чакан жана орто ишкердикти колдоо жана өнүктүрүү институттарынын консорциумун түзүү	2026-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Колдоо институттарынын координациялоо жогорулады, функциялардын кайталанышы жоюлду, чакан жана орто ишкердикти колдоо үчүн бирдиктүү терезе түзүлдү	ЭКМ, ФМ, макулдашуу боюнча: УБ, АКӨФ, РКӨФ, ӨКӨФ, ВКӨФ, “Кепилдик фонд” ААК, “ИӨФ” МКК ААК	Өнүктүрүү фонддорунун, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары

371		Ишкер аялдар, жаштар жана аялуу топтор үчүн максаттуу кредиттик жана гранттык продукттарды иштеп чыгуу, анын ичинде пайыздык ставкаларды субсидиялоо жана бизнести баштоо үчүн гранттар	2026-ж. IV кв.– 2030-ж. IV кв.	Адистештирилген кредиттик-гранттык продукттар ишке ашырылды, аялдардын жана жаштардын стартаптарынын саны көбөйдү	ФМ, ЭКМ, макулдашуу боюнча: “Айыл Банк” ААК, “Элдик Банк” ААК, АКӨФ, ВКӨФ, РКӨФ, ӨКӨФ, “Мамфин-холдинг” ААК, “ИӨФ” МКК ААК	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
372		“Күрөө жөнүндө” КР Мыйзамына контракттар боюнча талап укугун жана интеллектуалдык менчик объекттерин күрөө катары пайдалануну регламенттеген өзгөртүүлөрдү киргизүү	2026-ж. IV кв.– 2027-ж. II кв.	Күрөөсүз кредит берүү жана материалдык эмес активдерди пайдалануу механизмин жөнгө салуучу ченемдик укуктук база кабыл алынды	ЭКМ, ИЖБИМ, УБ (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
373		УБнын ЧУАларына күрөөсүз кредит берүү жана материалдык эмес активдерди пайдалануу үчүн талаптарды/дем берүүлөрдү белгилеген өзгөртүүлөрдү киргизүү	2027-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	УБнын ЧУАлары кабыл алынды	УБ (макулдашуу боюнча)	Банктын өздүк каражаттарынын алкагында
374	Чакан жана орто бизнести кредиттөөдө банктарга жана микрофинансылык уюмдарга административдик жүктөмдү азайтуу	Маалыматтарды автоматтык түрдө алуунун эсебинен финансылык уюмдарга кредит алуу жол-жоболорун тездетүүгө жана жөнөкөйлөтүүгө мүмкүндүк берүүчү	2026-ж. I кв. – 2028-ж. IV кв.	Банктар/финансы-кредиттик уюмдар менен мамлекеттик маалыматтык системалардын ортосунда автоматташтырылган	УБ (макулдашуу боюнча), ЭКМ, КРПИБ (макулдашуу боюнча)	Өздүк каражаттарынын алкагында

		санариптик платформанын базасында чакан жана орто бизнестин карыз алуучуларынын бирдиктүү интеграцияланган реестрин киргизүү		маалымат алмашууну камсыз кылган, чакан жана орто бизнестин карыз алуучуларынын бирдиктүү реестри өнөр жайлык пайдаланууга киргизилди. Реестрде экспортко, инновацияга, илимге жана жашыл ыкмага багытталган ишкердик иштин региондор, секторлор жана багыттары боюнча деталдаштыруу камсыздалды		
375	Ишкердикти колдоонун мамлекеттик фонддору аркылуу кепилдик ордун жабуунун көлөмүн көбөйтүү	Чакан жана орто ишкердик субъекттерин кепилдик ордун жабуунун көлөмүн кеңейтүү үчүн “Кепилдик фонд” ААКнын уставдык капиталын жана финансы ресурстарын көбөйтүү	2026-ж. III кв.	Кепилдик фонддун капиталы көбөйтүлдү жана кепилдик каржылоо программасы кеңейтилди	ФМ, ЭКМ, макулдашуу боюнча: “Кепилдик фонд” ААК, “Айыл Банк” ААК, “Элдик Банк” ААК	Республикалык бюджеттин алкагында, бюджеттен тышкаркы каражаттар
376		Кепилдиктерди берүү жол-жобосун жөнөкөйлөтүү, анын ичинде өтүнмөлөрдүн стандартташтырылган формаларын киргизүү жана кароо мөөнөттөрүн кыскартуу	2026-ж. III кв. – 2027-ж. I кв.	Кепилдик ордун жабуунун көлөмү көбөйдү	“Кепилдик фонд” ААК (макулдашуу боюнча)	Өздүк каражаттардын алкагында

377		Чакан жана орто ишкердикти колдоо институттарынын консорциуму жана “Бизнес-Түндүк” платформасы менен интеграцияланган кепилдик ордун жабуунун бирдиктүү санариптик платформасын киргизүү	2027-ж. IV кв.– 2028-ж. IV кв.	Бирдиктүү терезе режиминде кепилдик өтүнмөлөрдү берүү, кароо жана мониторинг жүргүзүүнүн санариптик механизми түзүлдү	“Кепилдик фонд” ААК (макулдашуу боюнча), ЭКМ, “Түндүк” ААК (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү фонддорунун каражаттарынын алкагында
378		Кредиттик тобокелдиктерди азайтуу үчүн мамлекеттик жана коммерциялык түзүмдөрдүн (банктар, фонддор, ассоциациялар) ортосундагы биргелешкен кепилдик механизмин иштеп чыгуу	2027-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Биргелешкен кепилдиктер менен берилген кредиттердин көлөмү көбөйтүлдү, финансы институттарынын тобокелдиктери азайды	ФМ, ЭКМ	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
379		Жергиликтүү бийлик органдарынын жана бизнес-ассоциациялардын катышуусу менен кепилдик каржылоонун региондук программаларын киргизүү	2027-ж. II кв. – 2028-ж. IV кв.	Региондордогу чакан жана орто ишкердик субъекттерин камтуу кеңейди, айылдык бизнести колдоо күчөтүлдү	“Мамфин-холдинг” ААК (макулдашуу боюнча), “Кепилдик фонд” ААК (макулдашуу боюнча), ЭКМ	Республикалык, бюджеттин каражаттарынын алкагында, акционердик коомдордун каражаттары
380	Экспортту камсыздандыруу колдоо системасын өнүктүрүү	Экспорттук кредиттерди, экспорттук контракттарды жана экспортко багытталган каржылоону камсыздандыруу боюнча	2026-ж. I кв.– 2027-ж. II кв.	Ата мекендик өндүрүштөгү продукциянын камсыздандырылган экспортунун көлөмү көбөйдү	“МКУ” ААК (макулдашуу боюнча)	“МКУ” ААКтын каражаттары

		финансылык продукттарды түзүү				
381	Бирдиктүү санариптик терезени киргизүүнүн эсебинен бизнести жана салык отчетторун каттоо/жоюу жол-жоболорун оптималдаштыруу	Чарба жүргүзүүчү субъекттерди каттоо, жоюу жана салык төлөөчүлөр тарабынан салык отчетторун берүү үчүн бирдиктүү санариптик платформаны модернизациялоо жана киргизүү	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Салык төлөөчүлөрдү каттоонун санариптик платформасы түзүлүп, иштеп жатат, ал аркылуу бизнести каттоо жана жоюу, салыктык эсепке алуу, ошондой эле салык отчетторун электрондук түрдө берүү жол-жоболорунан толук өткөрүү камсыздалды	МСК, ЮМ, СФ, УСК (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
382		Бизнестин мамлекеттик органдар менен онлайн өз ара аракеттенүүсү үчүн “Бизнес-Түндүк” санариптик платформасын киргизүү	2027-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	“Бизнес-Түндүк” бирдиктүү санариптик платформасы аркылуу бизнестин мамлекеттик органдар менен борборлоштурулган жана коопсуз өз ара онлайн аракеттенүүсү камсыздалды. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн мөөнөтү кыскарды. Административдик тоскоолдуктар азайды	ЭКМ, МСК, ЮМ, СФ, УСК (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында

383		Милдеттүү уруксаттардын жана лицензиялардын тизмегин, ошондой эле аларды алуунун мөөнөттөрүн кыскартуу	2027-ж. II кв.	ЧУАларга өзгөртүүлөр киргизилди. Милдеттүү берилүүчү уруксаттардын жана лицензиялардын саны жана мөөнөттөрү кыскарды	ЭКМ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
384		Лицензияларды жана уруксаттарды электрондук форматта берүү системасын киргизүү	2027-ж. IV кв.	Лицензияларды жана уруксаттарды берүүнүн электрондук системасы иштейт	Бардык лицензия берүүчү органдар	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
385		Отчет берүүнүн аралыктан контролдоо практикасын жана декларативдик принцибин колдонуу менен контролдук-көзөмөлдөө жүктөмдү азайтуу	2026-ж. II кв.	Ашыкча жана эскирген талаптар жоюлду. Мамлекеттик контролдоочу органдардын текшерүү баракчалары кайра каралды	ЭКМ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
386		Укук бузуулардын алдын алууга басым жасоо менен ишкердик субъекттерин текшерүүдө тобокелдикти аныктоого багытталган ыкманы өркүндөтүү	2027-ж. II кв. – 2028-ж. II кв.	КР Министрлер Кабинетинин чечимдери кабыл алынды. Ишкердик субъекттери үчүн мамлекеттик органдар тарабынан административдик тоскоолдуктар азайды	ЭКМ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
387	Ишкердик ишинде консультациялык жана	Ишкердик көндүмдөргө окутуу боюнча программаларды киргизүү	2027-ж. I кв. – 2027-ж. III кв.	Программалар ишке ашырылып чыкты.	ЭКМ, СДУИ	Республикалык бюджеттин,

	билим берүү кызматтарын көрсөтүү	жана региондордогу ишкерлерге, анын ичинде аялдарга, жаштарга жана майыптыгы бар адамдарга стартаптарды колдоо, тажрыйба алмашуу жана консультациялык жардам көрсөтүү үчүн акселерациялык программаларды киргизүү		Билим берүү хабдары түзүлдү		өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
388		Ишкер аялдар консультацияларды алууга, юридикалык колдоого, мамлекеттик жана жеке колдоо чараларына жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло турган онлайн ресурстарды жана жардам борборлорун түзүү менен колдоо көрсөтүүчү санариптик платформа түзүү	2028-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	КР Бизнести колдоо бирдиктүү санариптик платформасында, ишкер айымдар үчүн финансылык инструменттерге, окууга жана коштоо кызматтарына жеткиликтүүлүктү кеңейтүүчү “Бизнес айым” компоненти каралды	ЭКМ, ФМ	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
389		Өлкөнүн бардык региондорун камтыган ишкерлерди тейлөө борборлорунун тармагын кеңейтүү	2027-ж. IV кв.	Бирдиктүү терезе принцибин киргизүү менен ишкерлерди тейлөө борборлорунун иши модернизацияланды. Ишкердик субъекттери үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызмат	ЭКМ	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында

				көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү жогорулады		
390		Бизнеске административдик кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн сапатын жана мөөнөттөрүн баалоо үчүн натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүн (KPI) киргизүү	2027-ж. II кв.	КР Министрлер Кабинетинин чечими менен бизнестин мамлекеттик жана муниципалдык органдарга болгон ишениминин индекси бекитилди. Индекстер жарым жылдык негизде жарыяланат	ЭКМ, СДУИ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
391	Жер ресурстарына жана инфраструктурага жеткиликтүүлүктү жогорулатуу	Ишкердик ишмердүүлүк үчүн жер тилкелерин бөлүү жол-жобосун жөнөкөйлөтүү, анын ичинде санариптик аукциондор, реестрлер жана башка электрондук инструменттер аркылуу	2026-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Жер берүүнүн ачык-айкындыгы жана натыйжалуулугу жогорулады, ишкерлердин потенциалдуу жер тилкелерине жетүүсү тездетилди	Маммүлк, Жер агенттиги, САЧКӨМ	Республикалык, жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын алкагында
392	IT-адистердин жана креативдүү адистердин олуттуу санын тартуу үчүн жагымдуу укуктук жана экономикалык шарттарды түзүү	Санарип көчмөн визасы жеткиликтүү болгон өлкөлөрдүн тизмесин кеңейтүү, ага КРда 60 күн жана андан ашык визасыз режимге ээ болгон бардык өлкөлөрдү киргизүү	2028-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Санарип көчмөн визасын алган IT-адистердин саны көбөйдү	ТИМ, ЭСКММ, УКМК	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
393		Санарип көчмөндөрдүн жана IT-адистердин глобалдык	Дайыма	IT-адистердин саны көбөйдү.	ЭСКММ, ИЖБИМ	Өздүк каражаттарынын алкагында

		коомдоштуктарына багытталган максаттуу маркетингдик кампанияны баштоо		Иштеп чыгуучулардын автордук укуктарын сактоо үчүн маалыматтык-коммуникациялык технологиялар багыты боюнча патенттик жол картасы киргизилди		
394		Өлкөнүн региондорунда кол өнөрчүлүк борборлорун ачуу	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Региондордо кол өнөрчүлүк борборлору ачылды	ММЖСМ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
395		IT-адистер жана креативдүү индустриялардын резиденттери үчүн дем берүүчү социалдык шарттарды караган бирдиктүү укуктук статусту иштеп чыгуу	2028-ж. II кв.– 2029-ж. IV кв.	Адистер үчүн эмгек жана ишкердик ишти тариздөө жол-жоболору жөнөкөйлөштүрүлдү	ЭКМ, ЭСКММ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
396		Улуттук креативдүү бренддерди, кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоону жана эл аралык кызматташууну илгерилетүү үчүн “Creative Kyrgyzstan” санарип платформасын киргизүү	2028-ж. III кв. – 2029-ж. IV кв.	КР креативдүү компанияларынын эл аралык өкүлчүлүгү жогорулады, кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту жогорулады	ЭКМ	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
Финансы рыногун өнүктүрүү						
397	Өнөр жай жана экспорт, транспорт жана логистика, жашыл	Өнүктүрүү фонддорунун кредиттик ресурстарына банктык эмес финансы-	2026-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Банктык эмес финансы-кредиттик уюмдар аркылуу чакан	Макулдашуу боюнча: АКӨФ,	Өздүк каражаттарынын алкагында

	энергетика, туризм, айыл чарба жана кайра иштетүү, ошондой эле региондорго, чакан жана орто бизнеске басым жасоо менен финансылык ресурстардын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү	кредиттик уюмдардын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү		жана орто ишкердикти каржылоо үчүн программалар/финан-сылык продуктулар бекитилди	ВКӨФ, РКӨФ, ӨКӨФ	
398		Ишкердик субъекттерине кепилдик колдоо инструменттеринин тизмесин кеңейтүү	2027-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Кепилдик кызмат көрсөтүү рыногунда атаандаштыкка дем берүү максатында жаңы кепилдик фонду түзүлдү. Инвестор тартылды	ФМ, ЭКМ, УБ (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
399		Каржылоонун альтернативдүү механизмдерин киргизүү (факторинг, кепилдиктер, камсыздандыруу, келечектеги кирешелер үчүн каржылоо)	2027-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Ченемдик укуктук база бекитилди. Коммерциялык жана инвестициялык тобокелдиктерди жабуу үчүн адистештирилген финансылык продуктулар, камсыздандыруу инструменттери киргизилди	ЭКМ, ФМ, макулдашуу боюнча: УБ, “Кепилдик фонду” ААК	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
400		Экспортту коргоонун камсыздандыруу каражаттарын кеңейтүү	2026-ж. IV кв.– 2027-ж. II кв.	КР Инвестицияларды жана экспорттук кредиттерди камсыздандыруу боюнча Ислам корпорациясына (ICIEC) кирүү жөнүндө	ЭКМ, ФМ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында

				макулдашууга кол коюлду жана ратификацияланды		
401		Жаңы финансылык инструменттерди (кепилдиктер, ипотекалык баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүү) пайдалануу менен ипотекалык кредиттөөнүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү	2026-ж. II кв. – 2030-ж. II кв.	Финансы рыногунда ипотекалык кредит берүүнүн көлөмү 2 эседен кем эмес көбөйтүлдү	Макулдашуу боюнча: “МИК” ААК, “Айыл Банк” ААК, “Элдик Банк” ААК	Өздүк каражаттарынын алкагында
402		“Менин үйүм” мамлекеттик турак жай программасынын алкагында жана АӨБ, ИӨБ, ЕТӨФ долбоорлорун ишке ашыруунун алкагында ипотекалык кредиттөөнүн жаңы продуктуларын киргизүү	2026-ж. I кв. – 2030-ж. II кв.	Турак жайдын энергия натыйжалуу стандарттарын колдонуу менен “АӨБ аялдары үчүн ипотека”, “АӨБ аймактарындагы аялдар үчүн ипотека”, “Жашыл ипотека”, продуктулары ишке киргизилди	КРПИБ, “МИК” ААК (макулдашуу боюнча), ФМ, ЭКМ	Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
403		Жашыл каржылоону, сооданы каржылоо инструменттерин жана исламдык финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүгө дем берүү максатында ченемдик базаны өркүндөтүү	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Жашыл каржылоо, сооданы каржылоо инструменттери жана исламдык финансылык продуктулар бөлүгүндө ченемдик база бекитилди/ жаңыртылды	УБ (макулдашуу боюнча), ЭКМ	Өздүк каражаттарынын алкагында

404		Туруктуу өнүктүрүү боюнча компаниялар үчүн отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын киргизүү (ESG)	2027-ж. IV кв.– 2029-ж. IV кв.	Туруктуу өнүктүрүү жаатында отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын (ESG) киргизүү боюнча ченемдик база бекитилди/ жаңыланды	ЭКМ	Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
405		Корпоративдик финансылык отчеттуулуктун сапатын контролдоонун өркүндөтүлгөн системасын жана аудиттин сапатын контролдоо системасын киргизүү	2028-ж. IV кв.– 2030-ж. IV кв.	Аудиттин сапатты көзөмөлдөөсүн киргизүү менен ченемдик база бекитилди/ жаңыртылды	ЭКМ	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
406		КР Министрлер Кабинетинин “Ислам принциптери боюнча камсыздандырууну (такафул) уюштуруу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомунун долбоорун иштеп чыгуу	2026-ж. IV кв.– 2027-ж. III кв.	КР Министрлер Кабинетинин “Ислам принциптери боюнча камсыздандырууну (такафул) уюштуруу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому кабыл алынды	ЭКМ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
407	Инвестициялык жагымдуулукту жакшыртуу максатында өлкөнүн кредиттик рейтингин жогорулатуу	Чыгашаларды оптималдаштыруунун, кирешелерди көбөйтүүнүн эсебинен бюджеттик дефицитти кыскартуу	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Мамлекеттин финансылык туруктуулугу бекемделди, бюджеттин дефицити жана карыз жүгү төмөндөтүлдү	ФМ, УБ (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында

408		Өлкөнүн кредиттик рейтингин жакшыртуу үчүн рейтинг агенттиктери жана эл аралык финансы институттары менен өз ара аракеттенүү боюнча ишти улантуу	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Өлкөнүн жалпы инвестициялык жагымдуулугу жана анын рейтинги жогорулатылды, макроэкономикалык туруктуулугу бекемделди	ЭКМ, ФМ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
409		Экспорттук-импорттук операциялар үчүн эсептешүүлөрдү камсыз кылуу максатында КР коммерциялык банктарынын эл аралык финансылык уюмдар менен корреспонденттик мамилелерин кеңейтүүгө көмөктөшүү	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Эл аралык эсептешүүлөрдө (инвестициялык жана соода программаларынын алкагында) ишенимдүү өнөктөш катары КР имиджи калыптанды. КР коммерциялык банктарында корреспонденттик эсептерди ачуу боюнча эл аралык финансы уюмдары менен келишимдер түзүлдү	Макулдашуу боюнча: УБ, “Айыл Банк” ААК, “Элдик Банк” ААК	Республикалык бюджеттин, өздүк каражаттарынын алкагында
410		Мыйзамдарды өркүндөтүү, чакан жана орто бизнести, агросекторду жана өнөр жайды колдоого басым жасоо менен эл аралык каржылоону тартуу	2027-ж. I кв. – 2028-ж. I кв.	Лизинг рыногун өнүктүрүү боюнча тиешелүү ЧУАлар бекитилди	ЭКМ, ФМ, макулдашуу боюнча: “МЛК” ААК, “Айыл Банк”	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында, МЛКнын өздүк каражаттары

		аркылуу лизинг рыногун өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзүү			ААК, “Элдик Банк” ААК	
411		Венчурдук жана стартап каржылоо бөлүгүндө ченемдик укуктук базаны иштеп чыгуу	2026-ж. IV кв.– 2027-ж. IV кв.	Венчурдук фонддордун, инвесторлордун жана ишкерлердин ачык жана туруктуу ишин камсыз кылуу үчүн ченемдик укуктук база түзүлдү	ИУА	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
412	Валюталык тобокелдиктерди хеджирлөөнүн жана своп-операцияларды жүргүзүүнүн жаңы инструменттерин киргизүү	Коммерциялык банктар жана финансы-кредиттик мекемелер үчүн своп-операцияларын жүргүзүү үчүн жөнгө салуучу стимулдарды түзүү	2026-ж. I кв.– 2027-ж. IV кв.	Валюталык тобокелдиктерди хеджирлөө жана своп-операцияларды жүргүзүү механизмдери ишке киргизилди	УБ (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
413		Улуттук валютада номинацияланган баалуу кагаздарды (облигацияларды) чыгаруу боюнча эл аралык финансы уюмдарына көмөк көрсөтүү	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Бизнес-долбоорлорду улуттук валютада кредиттөө максатында эл аралык финансылык уюмдар тарабынан баалуу кагаздарды чыгаруу камсыз кылынды	ЭКМ, ФМ, УБ (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
414	Финансылык жана кредиттик уюмдарды толук санариптик трансформациялоо жана алардын	КР финансы секторун санариптик трансформациялоонун улуттук стратегиясын иштеп чыгуу	2027-ж. I кв. – 2028-ж. III кв.	Стратегия бекитилди	УБ (макулдашуу боюнча), ЭКМ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында

415	киберкоопсуздугунун деңгээлин жогорулатуу	КРнын коммерциялык банктарына киберкоопсуздуктун милдеттүү стандарттарын киргизүү (эл аралык стандарттардын жана улуттук мыйзамдардын негизинде)	2028-ж. I кв.– 2029-ж. IV кв.	Коммерциялык банктар киберкоопсуздук стандарттарына шайкештигине аудиттен өттү	УБ (макулдашуу боюнча), ЭКМ	Өздүк каражаттарынын алкагында
416		SOC (Security Operations Center) жана инциденттерге эрте жооп берүү системасы менен финансы секторунун кибертуруктуулук борборун түзүү	2027-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв	Коркунучтарга күнү-түнү мониторинг жүргүзүү жана жооп кайтаруу борбору ишке киргизилди, финансылык уюмдарга кол салуулардын саны азайтылды	УБ (макулдашуу боюнча), ЭКМ, ФМ, ИИМ	Республикалык бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын алкагында
417	Калк үчүн ыңгайлуу жана жеткиликтүү төлөм инструменттерин түзүү максатында жаңы санариптик төлөм жана финансылык технологияларды киргизүү жолу менен төлөм системаларын өнүктүрүү жана ЧУАларды өркүндөтүү	Жаңы төлөм технологияларын киргизүү (тез төлөмдөр функционалы менен төлөм системаларынын интероперабелдүүлүгүн өнүктүрүү)	2026-ж. III кв. – 2027-ж. IV кв.	Жаңы төлөм технологиялары киргизилди. КР жарандары үчүн тез төлөмдөрдү жана акча которууларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгү пайда болду	УБ (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында, жеке инвестициялар
418		Өз ара аракеттенүү операторунун 2.0 версиядагы системасына кошулган пилоттук катышуучулар менен төлөмдөрдүн ар кандай	2026-ж. IV кв.– 2027-ж. II кв	Өз ара аракеттенүү операторунун 2.0 системасынын катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсү боюнча техникалык	Макулдашуу боюнча: УБ, “Айыл Банк” ААК, “Элдик Банк” ААК, “Банктар аралык	Өздүк каражаттар

		сценарийлерин тестирлөө жана апробациялоо		документтер даярдалды. Пилоттук банктардын катышуусу менен өз ара аракеттенүү операторунун 2.0 системасында төлөмдөрдүн ар кандай сценарийлери (C2C, Me2Me, C2B, C2G) боюнча тестирлөө өткөрүлдү. Өз ара аракеттенүү операторунун 2.0 системасынын иштөө эрежелери иштелип чыкты	процессинг борбору" ЖАК	
419		Өз ара аракеттенүү операторунун 2.0. системасынын базасында тез төлөмдөр системасында трансчек аралык төлөмдөрдү тестирлөө үчүн тесттик чөйрөнү даярдоо	2027-ж. II кв. – 2028-ж. IV кв.	Трансчек аралык төлөмдөрдүн сценарийи тестирленди. Рыноктун башка катышуучуларын системага этап-этабы менен кошуу механизмдери ишке ашырылды. Улуттук банк тарабынан системанын жана анын катышуучуларынын ишин жөнгө салуучу	Макулдашуу боюнча: УБ, "Айыл Банк" ААК, "Элдик Банк" ААК, "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАК	Банктардын өздүк каражаттары

				ЧУАлар иштелип чыкты		
420	Санариптик улуттук валютанын (санарип сом) прототибин апробациялоо	Улуттук банктын санарип сомунун платформасын (санарип сом платформасы) иштеп чыгуунун жана ишке киргизүүнүн бардык этаптарын ырааттуу ишке ашыруу	2026-ж. I кв. – 2030-ж. IV кв.	Санарип сом платформасы иштелип чыкты жана ишке киргизилди	УБ (макулдашуу боюнча), ЭКМ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында, УБнын өздүк каражаттары
421		Санарип сом платформасын түзүү жана санарип валюта – сомду пилоттук ишке киргизүүнү ишке ашыруу (P2P которууларын пилоттоо)	2026-ж. IV кв.– 2027-ж. II кв.	Блокчейн-тармагынын пилоттук контурунда санарип сомду пилоттоо жүргүзүлдү	УБ (макулдашуу боюнча)	УБнын өздүк каражаттары
422		Санарип сом платформасын жана KGST стейблкоинин интеграциялоо механизмин иштеп чыгуу	2027-ж. III кв. – 2028-ж. IV кв.	Санарип сом менен KGST ортосунда алмашууну камсыз кылуу үчүн техникалык модель боюнча сунуштар даярдалды	УБ (макулдашуу боюнча), ЭКМ, ВА жана БТ улуттук кеңештин катчылыгы (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында, УБнын өздүк каражаттары
423	Виртуалдык активдер рыногун, анын инфраструктурасын өнүктүрүү, крипто-валюталардын, токен жана блокчейн технологияларынын статусун жөнгө салуучу	“Виртуалдык активдер жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүү киргизүү	2026-ж. I кв. – 2027-ж. II кв.	Реалдуу активдер менен камсыздалган стейблкоиндерди жана токендерди (RWA-токендерди) чыгаруу жана жүгүртүү үчүн укуктук шарттарды караган КР мыйзамдарына	ЭКМ, УБ (макулдашуу боюнча), ВА жана БТ улуттук кеңештин катчылыгы (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында

	ченемдик укуктук базаны жакшыртуу			өзгөртүүлөр киргизилди		
424		KGST стейблкоинин чыгаруу, соода жуптарын түзүү, эл аралык криптовалюталык биржаларда листингди камсыз кылуу	2026-ж. I кв. – 2027-ж. III кв.	Улуттук валютага 1:1 катышында байланган стейблкоин ишке кирди. Ликвиддүүлүктү камсыз кылуу үчүн стейблкоиндер жана санариптик активдер (USDT, USDC ж.б.) менен соода жуптары түзүлдү. Эң ири эл аралык криптовалюталык биржалардын бири – Binance листинг камсыздалды	ВА жана БТ улуттук кеңештин катчылыгы (макулдашуу боюнча)	KGST эмитентинин өздүк каражаттары
425		Инвесторлорду коргоо жана финансылык тобокелдиктерди болтурбоо максатында, виртуалдык активдердин операторлору үчүн контролдоо системасын киргизүү, анын ичинде криптобиржалардын, капчыктардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн провайдерлеринин ачык отчеттуулугуна талаптарды киргизүү	2026-ж. IV кв.– 2027-ж. III кв.	Виртуалдык активдердин жана майнерлердин кызмат көрсөтүүчүлөрүн контролдоо системасы, анын ичинде ачык-айкын финансылык отчеттуулукка милдеттүү талаптарды, ошондой эле виртуалдык активдер кызматын көрсөтүүчүлөрдү	ЭКМ, ФМ, ВА жана БТ улуттук кеңештин катчылыгы (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында

				аудитордук текшерүүдөн өткөрүүнү контролдоо системасы киргизилди		
426		Банктардын жана төлөм системаларынын виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулар менен өз ара аракеттенүү тартибин, анын ичинде кардарларды идентификациялоо, транзакцияларга мониторинг жүргүзүү жана террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү жол-жоболорун аткаруу боюнча талаптарды, ошондой эле банктардын, төлөм системаларынын жана виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын ортосундагы технологиялык интеграция	2026-ж. IVкв. – 2027-ж. IV кв.	Операцияларды жүргүзүүнүн ачык-айкын эрежелерин камсыз кылуу, террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүүнүн талаптарына ылайык кардарларды идентификациялоо жана транзакцияларга мониторинг жүргүзүү жол-жоболорун киргизүү үчүн өз ара аракеттенүү тартиби түзүлдү	УБ (макулдашуу боюнча), ЭКМ, ФМ, ВА жана БТ улуттук кеңештин катчылыгы (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында

		стандарттарын иштеп чыгуу				
427		Банк жана төлөм системаларына, ошондой эле виртуалдык активдер чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүчүлөргө транзакцияларды блокчейн талдоо инструменттерин киргизүү	2026-ж. IV кв.	Банктарга жана көзөмөл органдарына каражаттардын келип чыгышын көзөмөлдөөгө, шектүү операцияларды аныктоого мүмкүндүк берүүчү блокчейн-талдоо жана транзакцияларга мониторинг жүргүзүү инструменттери ишке киргизилди жана виртуалдык активдер менен байланышкан финансылык агымдардын ачык-айкындуулугу жогорулатылды	ВА жана БТ улуттук кеңештин катчылыгы (макулдашуу боюнча), УБ (макулдашуу боюнча), ЭКМ	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
428		Реалдуу активдерди токенизациялоо боюнча пилоттук долбоор боюнча сунуш киргизүү	2027-ж. I кв. – 2027-ж. IV кв.	Блокчейнде санариптик токендерди (RWA-токендерди) чыгаруу, жүгүртүү жана камсыз кылуу механизмдерин түзүү боюнча пилоттук долбоорго сунуш берилди	ЭМ, ВА жана БТ улуттук кеңештин катчылыгы (макулдашуу боюнча)	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
429		Виртуалдык активдердин мамлекеттик резервин	2026-ж. I кв. – 2026-ж. II кв.	Виртуалдык активдердин	ВА жана БТ улуттук кеңештин	Республикалык бюджеттин

		түзүүнүн оптималдуу моделин/формасын аныктоо		мамлекеттик резервин түзүү боюнча сунуш даярдалды	катчылыгы (макулдашуу боюнча), ЭКМ, ФМ	каражаттарынын алкагында
430	Фондулук рынокто ачык-айкын жана натыйжалуу операцияларды камсыз кылуу жана биржалык соодага катышуучулардын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү үчүн Кыргыз фондулук биржасынын институционалдык инфраструктурасын чыңдоо	Фондулук рынокко кирүү үчүн мобилдик тиркемени иштеп чыгуу менен электрондук идентификация аркылуу чекене инвесторлор тарабынан баалуу кагаздарды каттоо, сатып алуу жана сатуу үчүн онлайн платформаны ишке киргизүү	2026-ж. II кв. – 2027-ж. IV кв.	Коопсуздук деңгээлин жогорулатууга, ошондой эле фондулук рыноктун продуктуларына кеңири жеткиликтүүлүктү камсыз кылган жаңы программалык камсыздоо сатылып алынды. Фондулук рынокко кирүү үчүн мобилдик тиркеме ишке киргизилди	“КФБ” ЖАК (макулдашуу боюнча)	“КФБ” ЖАКтын каражаттарынын алкагында
431		Электрондук идентификация аркылуу депозитардык, брокердик эсептерди аралыктан ачуу системасын киргизүү	2026-ж. III кв.– 2028-ж. IV кв.	“БД” ЖАК үчүн коопсуздук деңгээлин жогорулатууга, электрондук идентификация аркылуу депозитардык, брокердик эсептерди аралыктан ачууга мүмкүндүк берген жаңы программалык камсыздоо сатып алынды	“БД” ЖАК (макулдашуу боюнча)	“БД” ЖАКтын каражаттарынын алкагында

432		Чет өлкөлүк активдерге улуттук депозитардык тил каттарды чыгаруу жана жүгүртүү механизмин караган жобону иштеп чыгуу	2027-ж. III кв. – 2027-ж. IV кв.	Инвесторлорду коргоону жана чет өлкөлүк финансылык инструменттерден пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган чет өлкөлүк активдерге улуттук депозитардык тил каттарды чыгаруу жана жүгүртүү механизми бекитилди	МЭК, макулдашуу боюнча: “КФБ” ЖАК, “БД” ЖАК	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
433		Капиталга мамлекеттик катышуу үлүшү бар айрым компаниялардын IPOго даярдык көрүү боюнча иш-чараларды өткөрүү	2026-ж. II кв. – 2028-ж. II кв.	Корпоративдик облигацияларды чыгаруу жана IPOго чыгуу үчүн мамлекеттик компаниялардын тизмеси аныкталды	Маммүлк, ФМ, ЭКМ, ЮМ, макулдашуу боюнча: “Элдик Банк” ААК, “КФБ” ЖАК	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
434		Ченемдик укуктук базаны түзүү жана биржалык жана санариптик платформаларга чыгуу аркылуу муниципалдык баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзүү	2027-ж. I кв. – 2027-ж. III кв.	КР Министрлер Кабинетинин чечими менен ЧУА пакети бекитилди. Фондулук биржада муниципалдык баалуу кагаздардын эмиссиясы жүргүзүлдү	ФМ, ЭКМ, макулдашуу боюнча: Бишкек, Ош, Манас шаарларынын мэриялары, “КФБ” ЖАК	Республикалык бюджеттин каражаттарынын алкагында
